Негиздөөчү бөлүктө (преамбулада) буйрукту (тескемени) чыгаруу үчүн негиз болгон максат жапа милдеттер, фактылар жана аракеттер кыскача баяндалат. Ал "максатында", "аткаруу үчүн" деген сөздөр менен коштолушу мүмкүн. Эгерде буйрук (тескеме) башка документтин негизинде чыгарылса, негиздөөчү бөлүгүндө (преамбулада) бул документтин илик жөндөмөдөгү аталышы, анын автору, датасы, номери жана аталышы көрсөтүлөт.

Буйруктардын долбоорлорундагы негиздөөчү бөлүк (преамбула) "буйрук кылам" деген сөздөр менен аякталып, кочкул шрифт менен терилет.

Тескөөчү бөлүк негиздөөчү бөлүктөн (преамбуладан) эки сап интервалга бөлүнөт. Ал ар бир иш-аракеттин аткаруучусун жана аткаруу мөөнөтүн көрсөтүү менен көрсөтмө берилген иш-аракеттердин тизмесин камтууга тийиш. Тескеме бөлүгү араб цифралары менен номерленген пункттарга жана пунктчаларга бөлүнүшү мүмкүн. Ар бир пункт (пунктча) абзацтан тартып басылат жана мурдагыдан кийинкиси эки сап интервалга бөлүнөт. Бир түрдүү мүнөздөгү аракеттер бир пунктта көрсөтүлүшү мүмкүн. Аткаруучулар катары түзүмдүк бөлүмдөр же конкреттүү кызмат адамдары көрсөтүлөт. Тескеме бөлүгүнүн акыркы пункту буйруктун аткарылышына көзөмөл жүктөлгөн бөлүм же кызмат адамы жөнүндө маалыматты камтышы мүмкүн.

Эгерде буйрук (тескеме) башка документти, анын кайсы бир жоболорун өзгөртсө же жокко чыгарса, анда тексттин тескөөчү бөлүгүнүн пункттарынын бири анын датасын, номерин жана аталышын көрсөтүү менен жокко чыгарылган документке (документтин пунктуна) шилтемени камтуусу зарыл. Пункттун тексти "Төмөнкүлөр күчүн жоготту..." деген сөздөр менен башталууга тийиш;

5) кол (кол тамга) документке кол (кол тамга) койгон адамдын кызмат ордунун аталышынан, жеке колунан (кол тамгасынан) жана коюлган колдун (кол тамганын) чечмеленишинен (инициалдар, фамилия) турат.

Буйруктарга (тескемелерге) мекеменин жетекчисинин, ал жокто анын орун басарынын колу (кол тамгасы) коюлат.

Буйруктун үлгүсү 11-тиркемеде берилген.

28. Мекемелердин биргелешкен буйруктары А4 форматындагы стандарттуу барактарда басылат.

Биргелешкен буйрукту тариздөөдө:

- мекемелердин аталыштары бирдей деңгээлде жайгаштырылат;

- биргелешкен буйруктун датасы - эң кийинки коюлган датага шайкештелген бирдиктүү дата;

- эки жана андан ашык мекемелер тарабынан даярдалган документтин каттоо номери документтердин авторлорун көрсөтүү тартибинде жантык сызык аркылуу ажыратылып, бул мекемелердин ар биринин документтеринин каттоо номерлеринен турат;

- мекемелердин жетекчилеринин колдору (кол тамгалары) тексттин төмөн жагында бир деңгээлде жайгаштырылат.

## § 2. Жобо, эреже, нускама

29. Жобонун (эреженин, нускаманын) долбоорун даярдоонун тартиби УТДнын долбоорлорун даярдоонун жалпы тартибине ылайык жүргүзүлөт.

Жобонун (эреженин, нускаманын) долбоорунун тексти А4 форматындагы стандарттуу баракка басылат. Текст үчүнчү жактын атынан жеке жана көптүк сан түрүндө баяндалат. Текстте: "тийиш", "керек", "зарыл", "тыюу салынат", "жол берилбейт" деген сөздөр пайдаланылат.

Жобонун (эреженин, нускаманын) текстинин аталышы "Эмне жөнүндө?" деген суроого жооп берет; кызматтык талаптарды жана иш жүргүзүү тартибин камтыган (кызматтык нускама) нускаманын аталышы "Кимдин?" деген суроого жооп берет (Башкы адистин кызматтык нускамасы).

"Жалпы жоболор" бөлүмү жобонун (эреженин, нускаманын) негиздөөчү бөлүгү катары кызмат кылат, ал жерде документтин иштелип чыгуу негиздери, анын негизги максаты жана ал жайылтылуучу чөйрө, белгиленген эрежелердин жана технологиялардын бузулушуна жоопкерчилик көрсөтүлөт.

Жобонун (эреженин, нускаманын) негизги тексти бөлүмдөргө, бөлүмчөлөргө, главаларга, пункттарга, пунктчаларга жана абзацтарга бөлүнүшү мүмкүн. Главалар аталыштарга ээ болууга тийиш.

Главалар жана пункттар араб цифралары менен номерленет.

Жобону, эрежени, нускаманы тариздөө үлгүсү 12-тиркемеде берилген.

## § 3. Протокол

30. Жыйындын (кеңешменин) протоколу кеңешме (жыйын) учурунда жүргүзүлгөн жазуулардын, баяндамалардын жана жарыш сөздөрдүн тезистеринин, маалым каттардын, чечимдердин долбоорлорунун негизинде түзүлөт.

Протоколдун тексти эки бөлүктөн: кириш жана негизги бөлүктөрдөн турат.

Кириш бөлүгүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт: төрага (төрагалык кылуучу), катчы, катышкандардын тизмеси (алардын саны 15 адамдан ашса, катышкандардын тизмесинин тиркемесине шилтеме) жана күн тартиби - күн тартибинин ар бир пункту боюнча баяндамачысын көрсөтүү менен маанилүүлүгүнө карата каралуучу маселелердин тизмеги.

"Катышкандар" деген сөз сол талаачанын чегинен тартып терилет, сөздүн аягына кош чекит коюлат. Андан төмөндө катышкандардын кызматтары, инициалдары жана фамилиялары көрсөтүлөт.

Күп тартибинин ар бир маселеси араб цифрасы менен номерленет жана анын аталышы сол талаачанын чегинен тартып басылып "жөнүндө" деген сөз менен аяктайт.

Протоколдун негизги бөлүгү күн тартибинин пункттарына ылайык келген, номерленген бөлүктөрдөн турат. Ар бир бөлүктүн тексти төмөнкүдөй схема боюнча түзүлөт: УГУЛДУ - ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ - ТОКТОМ КЫЛАТ (ЧЕЧИМ КЫЛАТ).

Баяндамалардын жана жарыш сөздөрдүн негизги мазмуну протоколдо берилет же ага тиркелет; тиркелген учурда текстке "Жарыш сөздүн тексти тиркелет" деген жазуу жазылат. Токтом (чечим) протоколдун текстинде толук басылат; зарылчылык болсо, добуш берүүнүн жыйынтыгы чагылдырылат.

Талкуу учурунда айтылган өзгөчө пикирдин мазмуну протоколдун тийиштүү токтомунун (чечиминин) текстинен кийин жазылат.

31. Протоколдор кыскача формада жазылышы мүмкүн, мындай учурда маселенин талкуусу жазылбайт жана ал боюнча кабыл алынган чечим гана белгиленет. Бул учурда күп тартиби жазылбайт; катышкандардын тизмеси протоколдун негизги бөлүгүнөн үзгүлтүксүз сызык менен бөлүнөт.

Протоколдун негизги бөлүгү каралып жаткан маселелерди жана алар боюнча кабыл алынган чечимдерди камтыйт. Маселенин аталышы араб цифрасы менен номерленет, аталышына "жөнүндө" деген сөз уланат жана бул маселени талкуулоодо чыгып сүйлөгөн кызмат адамдарынын аты-жөнү көрсөтүлөт. Алар бир сап интервал аркылуу басылат. Мындан кийин бул маселе боюнча кабыл алынган чечим көрсөтүлөт.

32. Протоколго жыйынга төрагалык кылган адамдын жана катчынын кол тамгалары коюлат. Коюлган кол тамгалар тексттен жана бири-биринен эки сап интервалга ажыратылып жазылат.

Жыйын өткөрүлгөн күн протоколдун датасы болуп саналат.

Календардык жыл чегиндеги протоколдордун ар бир тобуна өзүнчө катар номерлер ыйгарылат: коллегиянын жыйындарынын протоколдору, техникалык, илимий жана эксперттик кеңештердин жана башка жыйындардын протоколдору. Биргелешкен жыйындардын протоколдоруна жыйынга катышкан мекемелердин протоколдорунун катар номерлерин жантык сызык аркылуу камтыган курамдык номер коюлат.

Коллегиялык органдардын токтомдоруна (чечимдерине) календардык жыл ичиндеги катар номерлер берилет. Жыйындарда кабыл алынган токтомдордун (чечимдердин) номерлери протоколдун катар номеринен жана жантык сызык аркылуу токтомдун (чечимдин) катар номеринен турат.

33. Протоколдордун көчүрмөлөрү зарыл болгон учурларда таратуу көрсөтмөсүнө ылайык кызыкдар мекемелерге жана кызмат адамдарына жөнөтүлөт; таратуу көрсөтмөсүн протоколдун долбоорун даярдаган бөлүмдүн жооптуу аткаруучусу түзөт жана колун (кол тамгасын) коёт. Протоколдордун көчүрмөлөрү иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Кабыл алынган чечимдер протоколдун көчүрмөсү түрүндө аткаруучуларга жеткирилет, алар иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

34. Протоколдор № 12-14 шрифт өлчөмүндө протокол бланкына же А4 форматындагы мекеменин жалпы бланкына терилет жана төмөнкүдөй реквизиттерге ээ болот:

1) документтин аталышы - "ПРОТОКОЛ" сөзү жогорку талаачанын чегинен тартып кочкул шрифтте, баш тамгалар менен терилет жана борборлоштурулуп түздөлөт;

2) жыйындын (кеңешменин) түрү, коллегиялык органдын аталышы документтин аталышынан эки сап интервал менен ажыратылат; кочкул шрифт менен бир сап интервал аркылуу басылып, борборлоштурулуп түздөлөт;

3) протоколдун датасы жана номери 2 сап интервал аркылуу мурдагы реквизиттин төмөн жагына сол талаачадан чегинүүсүз терилет. Датасы сөздүк-цифралык ыкмада таризделет. Протоколдун номери араб цифрасы менен терилет жана "№" белгисинен жана протоколдун катар номеринен турат;

4) жыйын (кеңешме) өткөрүлгөн жер (зарылчылык болсо) мурдагы реквизит көрсөтүлгөн сапта көрсөтүлөт жана документтин оң жак чеги боюнча түздөлөт.

Протоколдун негизги бөлүгү 1 сап интервал аркылуу басылат.

"УГУШТУ", "ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ", "ТОКТОМ КЫЛАТ", ("ЧЕЧИШТИ") деген сөздөр сол талаачанын чегинен тартып баш тамгалар менен жазылат, алардан кийин кош чекит коюлат. Чыгып сүйлөгөндөрдүн аты-жөнү сол талаачадан чегинүүсүз жазылып, андан кийин кош чекит коюлат. Сүйлөгөн сөздөрүнүн мазмуну сүйлөгөндөрдүн аты-жөнү кеңдик өлчөмүнө карай четки сол талаачадан тартып чегинүү менен терилет.

Ар бир маселе боюнча чечимдин номери күн тартибиндеги маселенин жана бул маселеге байланыштуу чечимдин пунктчасынын катар номеринен турат.

Протоколду тариздөөнүн үлгүсү 13-тиркемеде келтирилген.

35. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлүүчү протокол мамлекеттик тилде таризделет, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда расмий тилге которулат. Катышуучулардын мамлекеттик тилден башка тилдеги сүйлөгөн сөздөрү мамлекеттик тилге которулууга тийиш.

## 4-глава. Документтер менен иштөөнү уюштуруу

## § 1. Документ жүгүртүүнү уюштуруу

36. Мекемеге документтердин келген же даярдалган учурунан тартып, алардын аткарылып, жөнөтүлүп жана көктөөгө жиберилгенге чейинки кыймылы документ жүгүртүү болуп саналат.

Документтердин мекемеде жүгүртүлүшү ыкчам жана максаттуу жөнгө салынууга тийиш. Ишке кереги болбогон документтерди инстанциялардан өткөрүүнүн зарылчылыгы жок.

Документтер Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруучу архивдик документтердин тизмегине ылайык кагаз жана/же электрондук түрдө түзүлөт.

Автоматташтырылган маалыматтык технологияларды пайдаланууда документтерди жүгүртүү схемасына компьютердик каражаттардын жана көмөкчү техникалардын жардамы менен аларды иштеп чыгуунун бардык пункттары киргизилүүгө тийиш.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207, 2024-жылдын 11-октябрындагы N 614 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

37. Документтерди мекемелерге жеткирүү колмо-кол, почта, фелдъегердик кызмат же ЭДС аркылуу жүзөгө ашырылат.

Почта жана фельдъегердик байланыштын жардамы менен кат-кабарлары - жөнөкөй жана катталуучу каттар, почта карточкалары, бандеролдор жапа майда пакеттер, ошондой эле басылмалар жеткирилет.

Электр байланыш каналдары боюнча: телеграммалар, факсограммалар, телефонограммалар, электрондук документтер жөнөтүлөт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

38. Мекемеге келип түшкөн кагаз түрүндөгү документтерди жүгүртүүгө алуу: аларды кабыл алууну, алгачкы иргелишин, катталышын, алдын ала каралышып, жетекчилердин кароосунан өтүүсүн жана резолюция коюлуп аткаруучуларга жиберилүүсүн камтыйт.

Документтерди кабыл алуу жана алгачкы иргөө иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.

Өздүк кат-кабарлардан бөлөк бардык конверттер ачылып, конверттердин бүтүндүгү жана андагы документтердин толуктугу текшерилет. Документтердин жараксыздыгы, алардын же тиркемелеринин кемдиги аныкталса, ал тууралуу жөнөтүүчүгө кабар берилүүгө тийиш. Жөнөтүүчүнүн дарегин, документ жөнөтүлгөн же алынган убакытты конверттеги маалымат боюнча гана аныктоого мүмкүн болгон учурлардан сырткары, конверттер жок кылынат.

Жаңылыш жеткирилген кат-кабарлар тиешелүүлүгү боюнча жөнөтүлөт же артка кайтарылат.

Документтер катталуучулар жана катталбай тургандар болуп иргелет.

Катталуучу документтер каттоо-контроль формасына катталат (мындан ары - ККФ). Кирген документке каттоо штампы коюлат.

Катталбай турган документтер (жарнама маалыматтары, плакаттар, кеңешмелердин, конференциялардын программалары, куттуктоо каттары жана чакыруу билеттери, басылмалар) жана "өзүнө" деген белгиси бар документтер багытталган дарегине берилет.

Келип түшкөн документтерди алдын ала кароо жетекчиликтин милдеттүү кароосун талап кылган жана түздөн-түз түзүмдүк бөлүмдөр менен жооптуу аткаруучуларга жиберилүүчү документтерди бөлүштүрүү максатында жүргүзүлөт.

Документтерди алдын ала кароо мекемедеги бөлүштүрүлгөн милдеттердин негизинде мазмунуна жараша жүзөгө ашырылат.

Мекеменин жетекчилигине даректелген, ошондой эле конкреттүү кызмат адамы же түзүмдүк бөлүм көрсөтүлбөгөн документтер алдын ала иш кагаздарын жүргүзүү кызматында каралат, андан кийин жетекчиликке же тийиштүү бөлүмдөргө жөнөтүлөт.

Түзүмдүк бөлүмдөргө же кызмат адамдарына даректелген документтер жетекчиликтин кароосуна киргизилбей, түз берилет.

Жарандардын сунуштары, арыздары жана даттануулары жетекчиликтин резолюциясы боюнча жарандардын каттарын кароо бөлүмүнө берилет.

Документтер жетекчиликке же тиешелүү аткаруучуларга алар түшкөн күнү берилүүгө тийиш.

Жетекчилик тарабынан каралган документтер иш кагаздарын жүргүзүү кызматына кайтарылып берилип, ККФга резолюциянын мазмуну толтурулат.

Коюлган резолюцияга ылайык документ аткаруучуга берилет.

Бир нече түзүмдүк бөлүмдөр аткарган документтин түп нускасын жооптуу аткаруучу алат, калган кошо аткаруучуларга көчүрмөлөрү берилет.

39. Келип түшкөн телеграммалар кабыл алынган датасы жана убактысы белгиленген тил кат менен кабыл алынат, катталат, андан кийин жетекчиликтин кароосуна жана аткарууга берилет.

Келип түшкөн телефонограмманын тексти кабыл алуучу тарабынан жазылып алынат (кагазга терилет), катталат жана ыкчам тартипте даректелген жетекчиге берилет.

Келип түшкөн факсограммалар катталат, келген күнү кабыл алынгандыгы күбөлөндүрүлүп адресатка берилет, шашылыштары - токтоосуз түрдө тапшырылат. Бул факсограмманын кийин келип түшкөн түп нускасы тийиштүү бөлүм-аткаруучуга берилет.

Электрондук түрдөгү документтер ушундай эле тартипте кабыл алынат, катталат, алдын ала кароодон өткөрүлөт, жетекчилик тарабынан каралат жана аткаруучуларга жөнөтүлөт. Электрондук түрдөгү документтерди кабыл алуу, иштеп чыгуу жана бөлүштүрүү бөлүштүрүлгөн милдеттердин негизинде, ошондой эле колдонуудагы техникалык жана программалык каражаттарды эске алуу менен мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү нускамага ылайык аныкталат.

40. Чыгыш документтерди жөнөтүү иш кагаздарын жүргүзүү кызматы тарабынан аткарылат. Мекеме жөнөтүүчү документтер почта жана электр байланышы аркылуу, ошондой эле колмо-кол берилет.

Электр байланыш каражаттарынын жардамы менен телеграммаларды, факсограммаларды, телефонограммаларды, электрондук документтерди жөнөтүү жүзөгө ашырылат. Электрондук байланыш каналдары боюнча берилүүчү документтердин түрлөрүн, алардын кагаз түрүндөгү түп нускасын адресатка жеткирүү тартиби жана мүмкүндүгү, жөнөтүү тартиби мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү нускамасына ылайык аныкталат. Чет тилдеги факсограммалар факсограммага кол (кол тамга) койгон адам күбөлөндүргөн котормосу болгондо жөнөтүлөт.

Жөнөтүүгө даярдалган документтер толук тариздэлүүгө, кол (кол тамга) коюлууга жана катталууга тийиш. Туура эмес тариздэлген документтер аткаруучуга кайрадан иштеп чыгууга кайтарылат. Документтер аткаруучулар тарабынан иш кагаздарын жүргүзүү кызматына почта даректери, телефон номерлери, электрондук даректери көрсөтүлүп же таратуунун тизмеси менен кошо берилет.

Туруктуу адресаттарга жөнөтүлүүчү документтер үчүн басмакана ыкмасы же ыкчам көбөйтүү каражаттары менен басылган даректери бар конверттер пайдаланылат. Бир эле учурда бир дарекке жөнөтүлүүчү документтер бир конвертке салынат.

Документтер аларга кол (кол тамга) коюлган күнү же кийинки жумуш күндөн кечиктирилбестен, ал эми шашылыш документтер - токтоосуз түрдө иштетилүүгө жана жөнөтүлүүгө тийиш. Жакынкы адресаттарга жөнөтүлүүчү документтер колмо-кол, кабыл алуу-тапшыруу китепчесине күбөлөндүрүлүү менен тапшырылат (14-тиркеме) же почта аркылуу жөнөтүлөт. Почта менен жөнөтүлгөн кат-кабар реестрге киргизилет (15-тиркеме).

41. Документтерди даярдоо жана тариздөө этаптарында аларды мекеменин ичинде өткөрүп берүү - чыгыш документтерди жүгүртүүнүн жалпы тартибине, ал эми аткаруу этабында - кириш документтерди жүгүртүүнүн жалпы тартибине ылайык уюштурулат.

Тескөөчү документтердин долбоорлору даярдалып, кызыкдар бөлүмдөр жана кызмат адамдары менен макулдашылгандан кийин иш кагаздарын жүргүзүү кызматына берилет, бул кызмат алардын тариздэлишинин тууралыгын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.

Тариздэлген документтер бөлүштүрүлгөн милдеттерине жана кол тамга коюу укугуна ылайык жетекчиликке берилет. Документтер кол тамга коюлгандан кийин катталат.

Катталган жана жетекчи кол (кол тамга) койгон тескөө документтеринин көбөйтүлгөн нускалары каралуучу маселелерге жараша тийиштүү бөлүмдөргө милдеттүү түрдө таратылат.

Мекеменин айрым кызмат адамдарына же бөлүмдөрүнө тапшырма жүктөлгөн протоколдордун көбөйтүлгөн нускалары же протоколдордун көчүрмөлөрү берилет.

Мекеменин жетекчисинин же түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин атына жазылган оперативдүү мүнөздөгү билдирме (кызматтык) каттар, маалым каттар, маалыматтар жыйындысы жана башка ички документтер тийиштүү кызмат адамы тарабынан каралат, андан кийин жалпы тартипте аткаруу (пайдалануу) үчүн тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөргө берилет же тиешелүү көктөмөгө көктөлөт.

42. Аткаруучулардын документтер менен иштөөсү төмөнкүлөрдү: зарыл маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу, документтин долбоорун даярдоо, аны тариздөө, макулдашуу, мекеменин же түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин кол (кол тамга) коюусуна (бекитүүсүнө) киргизүү, адресатка жөнөтүү даярдыгын камтыйт.

Аткаруучу документтин нускаларынын керектүү санын аныктайт, документти нускалоого берет. Аткаруучу төрттөн ашуун дарекке таратылуучу документ үчүн таратуу көрсөтмөсүн даярдайт.

## § 2. Документтерди каттоо

43. Документтерди каттоо бул - даярдоо, жөнөтүү же мекемеге кирүү фактысын көрсөтүүчү документтер тууралуу маалыматтардын белгиленген форма боюнча каттоого жазылышы.

Эсепке алууну, аткарууну жана маалыматтык максатта пайдаланууну талап кылган мекеменин өзүндө даярдалуучу, башка мекемелерге жөнөтүлүүчү, жогору турган, карамагындагы жана башка мекемелерден, ошондой эле жеке адамдардан келип түшкөн бардык документтер каттоого алынат. Документтер жеткирүү, берүү же даярдоо ыкмасына карабастан каттоого алынат.

Ар бир документ мекемеде бир гана жолу катталууга тийиш. Кириш документтер - келип түшкөн күнү, чыгыш жана ички документтер - кол (кол тамга) коюлган күнү катталат.

Катталган документти түзүмдүк бир бөлүмдөн экинчисине өткөрүүдө ал кайрадан капталбайт, алып андан аркы кыймылы каттоо формаларында чагылдырылат.

Кирген жана мекеменин ичинде даярдалган документтерди каттоо бир жерде жүргүзүлөт.

Документтин каттоо номери анын катар номеринен турат, ал түзүмдүк бөлүмдүн индекси, номенклатура боюнча коюлган көктөмөнүн индекси менен толукталышы мүмкүн. Каттоо номеринин курамдык бөлүктөрү бири биринен жантык сызык менен бөлүнөт. Мисалы: 05-2/250 номеринде 05 - түзүмдүк бөлүмдүн индекси, 2 - номенклатура боюнча көктөмөнүн номери, 250 - документтин катар номери.

44. Издөө системаларын түзүү жана каттоо маалыматтарынын шайкештигине жетишүү үчүн каттоонун негизги реквизиттеринин төмөнкүдөй курамы белгиленет: мекеменин аталышы, документтин түрүнүн аталышы, документтин датасы жана каттоо номери, документтин кириш датасы жана индекси, тексттин аталышы (документтин кыскача мазмуну), резолюция (аткаруучу, тапшырманын мазмуну, автору, дата), документтин аткарылышынын мөөнөтү, документтин аткарылышы жана анын көктөмөгө жөнөтүлүшү жөнүндө белги.

Документтин мүнөзүнө жана андагы маалыматты пайдалануу талабына жараша каттоонун негизги реквизиттеринин курамы: документтерди мекеменин ичинде аткаруучуларга кайрадан бөлүштүрүү, тематикалык классификатор боюнча коду, негизги сөздөр, документтин барактарынын саны, тиркемелери, документти контролго алган адамдын ээлеген кызматынын аталышы, аткаруу аралыгындагы мөөнөттөр, аткаруу мөөнөттөрүн жылдыруу, документти сактоо мөөнөтү, документтин (долбоордун, версиянын статусу, документти жөнөтүү ыкмасы (почта, факс, электрондук почта) түрүндөгү башка реквизиттер менен толукталышы мүмкүн.

45. Каттоо-контролдоо формалары журналдык, карточкалык жана электрондук болуп бөлүнөт.

Кириш, чыгыш жана ички документтерди каттоонун журналдык формасы документтердин жүгүртүлүшүнүн көлөмү азыраак мекемелерде пайдаланылат. Журналдык каттоо системасын

колдонууда кирген документтер кириш документтерди каттоо журналында (16-тиркеме), чыккан документтер - чыгыш документтерин каттоо журналында катталат (17-тиркеме).

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн ченемдик жана тескөө документтер көп келген учурда, аларды каттоо үчүн зарылдыгына жараша өзүнчө журнал ачылат.

Документтерди карточкалык формада каттоодо белгиленген формадагы бирдей каттоо-контролдоо карточкасы (мындан ары - ККК) колдонулат (18-тиркеме). Ал эки нускада толтурулат, бир нускасы документтер менен бирге аткаруучуга берилет, экинчиси иш кагаздарын жүргүзүү кызматында калат.

Карточканын календардык шкаласы документти аткаруу мөөнөттөрүн контролдоо үчүн колдонулууга тийиш. Документтин аткарылууга тийиш болгон датасы тегеректелет же атайын белгиленет. Документти аткаруу датасы ченемдик документтердин, документтин текстинин же жетекчинин резолюциясынын негизинде белгиленет.

"Корреспондент" графасына документти жөнөткөн же ал жибериле турган мекеменин аталышы жазылат. Бул графаны толтурууда жалпы кабыл алынган кыскартуулар же мекеменин индекстери пайдаланылат.

"Документтин келип түшкөн датасы жана индекси" графасына документтин келип түшкөн датасы жана ал түшкөн мекеме тарабынан ыйгарылган индекс белгиленет.

"Документтин датасы жана индекси" графасына - документтин датасы жана келген же чыккан документтин автор-мекеме ыйгарган индекси коюлат.

"Кыскача мазмуну" графасына-документтин түрү, анын аталышы же кыскача мазмуну көрсөтүлөт.

"Резолюция же документ кимге жөнөтүлгөн" графасына - автору, датасы жана аткаруучусу көрсөтүлгөн жетекчинин резолюциясы көчүрүлүп жазылат.

"Документтин аткарылышы тууралуу белги" графасына - маселенин маңызы боюнча чечими, жооп кайтарылган документтин датасы жана индекси чагылдырылат. Эгерде кат түрүндөгү жооп талап кылынбаса, демилгеленген документте коюлган маселе качан, ким тарабынан жана кандай чечилгендиги конкреттүү жазылат.

Жогору турган мекемелердин тескөө документтерин аткарууда келип түшкөн документти аткаруу үчүн кабыл алынган тескөө документинин номери жана датасы коюлат.

"Контролдук белгилер" графасына - документтерди аткаруу мөөнөттөрүн контролдоо жөнүндөгү белгилер жазылат. Жазуулар текшерүү датасын жана документтердин аткаруу мөөнөтүнүн кечеңдетилишинин конкреттүү себептерин камтууга тийиш. Графа документтердин кыймылын чагылдырган жазуулар үчүн да пайдаланылат.

Электрондук картотекаларда адатта колдонулган реквизиттер эле пайдаланылат. Аларды киргизүү тартиби программалык камсыздоо менен жүргүзүлөт.

Жаңы календардык жылда документтерди каттоо № 1 ирети боюнча башталат. Мекеме кайра уюшулганда же мекеменин аталышы өзгөргөн жыл ичинде көктөмөлөрдүн номенклатурасы бекигенге чейин документтин катар номерин каттоо № 1 иретинен башталат, бирок түзүмдүк бөлүмдүн индекси, көктөмөнүн жана көктөмөлөрдүн номенклатурасы боюнча журналдын индекси жазылбайт. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн индексациясы жана көктөмөлөрдүн жаңы номенклатурасы бекигенден кийин катар номер улантылып жазылат жана түзүмдүк бөлүмдүн индекси, көктөмөнүн же журналдын индекси жаңы бекитилген номенклатура боюнча толукталат.

## § 3. Документтердин аткарылышын контролдоону уюштуруу

46. Документтердин аткарылышын контролдоону уюштуруу алардын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыздоого тийиш. Документтердин аткарылышын контролдоо: документти контролго коюуну, аткаруунун жүрүшүн жөнгө салууну, аткарылган документти контролдон чыгарууну, аткарылган документти көктөмөгө жөнөтүүнү, документтерди аткаруунун

жүрүшүн жана натыйжаларын эсепке алууну, жалпылоону жана талдоону, документтердин аткарылышынын абалы жөнүндө жетекчилерге маалымат берүүнү камтыйт.

Аткарууну контролдоо жооптуу адам же түзүмдүк бөлүм тарабынан жүргүзүлөт.

Документтердин аткарылышын контролдоо каттоо маалыматтарынын базасында түзүлүп, адатта колдонулуучу картотекалардын же автоматташтырылган маалымат базаларынын жардамы менен жүргүзүлөт.

Адатта колдонулуучу контролдук картотека документтердин аткарылган мөөнөттөрү боюнча документтердин аткаруучулары, документтердин топтомдору боюнча системалаштырылат.

47. Белгилүү бир чечимдерди кабыл алууну, аткарууну жана аларга жооп даярдоону талап кылган эң маанилүү кириш, чыгыш жана ички документтердин аткарылышы контролго алынат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн келген документтер милдеттүү түрдө контролго алынат.

48. Документтер ченемдик документтерде каралган же документтин текстинде же болбосо мекеменин жетекчисинин резолюциясында көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарылат. Эгерде документтин өзүндө же жетекчинин резолюциясында аткаруунун башка мөөнөтү көрсөтүлбөсө, министрликтерден, комитеттерден, административдик ведомстволордон, мекемелерден, башка юридикалык жактардан келген кириш документтер 14 жумушчу күндүн ичинде аткарылат.

Жарандардын кайрылуулары менен байланышкан документтер ушул Типтүү нускаманын 52-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарылат.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга байланыштуу документтер эки жумалык мөөнөттө аткарылат.

Аткаруу мөөнөтү документке кол (кол тамга) коюлган (бекитилген) датадан тартып, ал эми башка мекемеден келип түшкөндөрдүкү - келип түшкөн датадан тартып эсептелет.

Документтердин аткаруу мөөнөттөрүн узартуу жетекчинин көрсөтмөсү боюнча же мындай мөөнөттөрдү белгилеген мекеме - авторлордун уруксаты менен жүргүзүлөт. Документтин аткаруу мөөнөтүн узартуу белгиленген мөөнөтү өткөнгө чейин жүргүзүлөт.

49. Документтерди контролго коюу-аткаруу мөөнөтүн контролдоону талап кылган документтерди белгилөөнү; контролго алынган документке КККны толтурууну; КККга резолюциянын мазмунун киргизүүнү жана документти аткарууга берүүнү камтыйт.

Карточкалык каттоо системасында контроль жөнүндөгү белги КККнын "Контролдук белгилер" графасына, ал эми каттоонун журналдык системасында журналдын "Жетекчилердин резолюциясы жана аткаруу мөөнөтү" аттуу 7-графасына жазылат.

Контроль жүргүзүү өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: КККга контроль белгилерин киргизүү; документти бүтүрүү мөөнөтү жакындагандыгы жөнүндө оозеки же кат жүзүндөгү эскертме; документтерди аткаруунун жүрүшү жана кечеңдешинин себептери жөнүндө жетекчилерге маалымдап туруу; документтердин өз убагында аткарылышын камсыз кылуу боюнча чаралар.

Документте коюлган маселелер чечилип, корреспондентке маанисине жараша жооп берилгенден кийин гана ал аткарылды деп эсептелинет. Документти контролго койгон кызмат адамы (же бөлүм) гана аны контролдон чыгара алат.

Документтин аткарылышы жана контролдон чыгарылышы жөнүндө маалыматтар документте жана анын каттоо карточкасында белгиленет. Документте "Документтин аткарылышы жана аны көктөмөгө жөнөтүү жөнүндө белги", КККда - "Документтин аткарылышы тууралуу белги" реквизиттери коюлат. Контроль картотекасындагы ККК маалыматтык картотекага көчүрүлөт.

50. Аткаруучулук тартипти анализдөө белгилүү бир убакыт аралыгында контролдогу иштин жыйынтыгы боюнча сандык көрсөткүчтөрдү жана маалыматтарды түзүүнү; аткаруучулук тартиптин натыйжалары боюнча түзүлгөн документтерди мекеменин жетекчилигине берүүнү жана аткаруучулук тартипти жакшыртуу боюнча чараларын иштеп чыгууну көздөйт.

Контролго алынган документтердин аткарылышынын жыйынтыгы жөнүндө көрсөткүчтөр ар бир айдын биринчи күнүнө карата жалпылаштырылат, маалыматтар түзүлөт (19-тиркеме) жана мекеменин жетекчилигине берилет.

## § 4. Документтерди издөө системасын түзүү

51. Чечимдерди кабыл алууда маалыматтарды натыйжалуу пайдалануу үчүн мекемелерде документтерди издөө системалары түзүлөт. Издөө системалары адатта колдонулуп келген жана электрондук түрдө түзүлүшү мүмкүн. Алар мамлекеттик органдын иши жөнүндө маалымат табууну камсыздоого тийиш.

Документтерди каттоо - издөө системаларын түзүүнүн негизи болуп саналат. Каттоо учурунда алынган документтер тууралуу маалымат өзүнө картотеканы жана классификациялык маалымдагычтарды камтыган издөө системасына келип түшөт.

Адатта колдонулган карточкалык каттоо учурунда керектүү өлчөмдөгү ККК даярдалат, алар төмөндөгү картотекаларды түзүшү мүмкүн: маалыматтык (корреспонденттер, документтердин түрлөрү, документтердин авторлору боюнча), контролдук-маалыматтык, кодификациялык, жарандардын кайрылуулары боюнча, маалыматты табуу максатына жараша алфавиттик жана башка түрлөрдөгү.

Каттоо-контролдук картотекасы: аткарылган жана аткарылбаган документтер болуп эки бөлүккө бөлүнөт. Картотеканын биринчи бөлүгү - аткаруу процессиндеги документтерди издөө үчүн, ал эми экинчи бөлүгү - аткарылган документтерди издөө үчүн пайдаланылат.

Жарандардын сунуштары, арыздары жана даттануулары боюнча картотека өзүнчө жүргүзүлөт, андагы карточкалар арыз ээлеринин фамилияларынын алфавиттик ирети боюнча жайгаштырылат.

Автоматташтырылган маалымат базаларында конкреттүү документти издөө реквизиттер же контекст (изделген документте болгон маанилүү сөз. фраза) боюнча жүзөгө ашырылат. Издөө талабы реквизиттердин, тексттин элементтеринин ар кандай комбинациясын камтый алат.

Издөө системасынын натыйжалуулугу төмөнкү классификациялык маалымдагычтарды иштеп чыгуу аркылуу ишке ашырылат: мекеменин ишиндеги маселелердин классификатору, документтердин түрлөрүнүн классификатору, корреспонденттердин классификатору, резолюциялардын классификатору, аткаруучулардын классификатору, докуметтерди аткаруу жыйынтыгынын, көктөмө номенклатураларынын классификатору.

Саналгандардан тышкары конкреттүү издөө системасында документтер менен маалыматтарды издөө жана киргизүү муктаждыгына жараша башка классификаторлор да колдонулушу мүмкүн.

## § 5. Жарандардын кайрылууларын каттоого алуу жана карoo

52. Жарандардын кайрылуулары боюнча иштөө тартиби "Жарандардын кайрылууларын карoo тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген.

Жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, каттоо, алардын аткарылышын контролдоо мекемеде дайындалган жоoптуу адам тарабынан ишке ашырылат.

Жарандардын кайрылуулары журналдык (20-тиркеме), карточкалык (21-тиркеме) же электрондук каттоо формаларында катталат.

Кайрылууларды каттоодо арыз ээсинин фамилиясынын биринчи тамгасынан, катар номеринен жана келип түшкөн датасынан турган каттоо номери көрсөтүлгөн каттоо штампы коюлат.

53. Кайрылууда коюлган маселелерди чечүү бир нече мекеменин компетенциясына кирген учурда, ал катталган күндөн тартып беш жумуш күндүн ичинде тийиштүү мекемеге жөнөтүлүүгө тийиш.

Эгерде коюлган маселелерди чечүү башка мекеменин компетенциясына кирсе, анда кайрылуунун түп нускасы маселени карай турган ошол мекемеге жөнөтүлүшү керек.

Коштомо каттын көчүрмөсү арыз ээсине жиберилет, ал эми арыз ээсин жеке кабыл алууда ага кайда кайрылуу керектиги түшүндүрүлөт.

Жарандар даттанган мекемелердин жетекчилеринин кароосуна ошол даттанууларды жөнөтүүгө тыюу салынат.

54. Мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же компетенцияларына ылайык кызмат адамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылуу катталган күндөн тартып 14 жумуш күндүн ичинде каралат.

Жарандын кайрылуусун чечүү үчүн атайын текшерүүлөрдү (экспертизаларды) жүргүзүү, кошумча материалдарды суратып алуу же болбосо башка чараларды көрүү зарыл болгон учурларда даттанууларды чечүү мөөнөттөрү демейдегиден башкача тартипте узартылышы мүмкүн, бирок ал 30 календардык күндөн ашпайт. Бул жөнүндөгү чечим мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси, кызмат адамы же болбосо ага ыйгарым укук берилген адам тарабынан кабыл алынат жана арыз ээсине жазуу жүзүндө (электрондук) билдирилет.

Жарандардын кайрылууларында коюлган маселелер чечилгенде жана ал жөнүндө арыз ээсине билдирилгенде, кайрылууну кароо аяктады деп эсептелет. Каттоо-контроль формасына аткарылгандыгы жөнүндө белги коюлат.

Жарандардын кайрылууларынын аткарылышынын жыйынтыгы жөнүндө маалыматтар ар бир айдын биринчи күнү жалпылаштырылат жана жетекчиликке маалымдалат (22-тиркеме).

## § 6. Көктөмөлөрдүн номенклатурасын түзүү

55. Көктөмөлөрдүн номенклатурасы - сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мекемеде жүргүзүлгөн көктөмөлөрдүн аталыштарынын системалаштырылган тизмеги.

Көктөмөлөрдүн номенклатурасы аткарылган документтерди көктөмөлөргө топтоого, көктөмөлөрдү системалаштырууга жана эсебин алууга, алардын сактоо мөөнөттөрүн аныктоого багытталуу менен, туруктуу жана убактылуу (10 жылдан ашуун) сакталуучу көктөмөлөрдүн тизмегин түзүү үчүн, ошондой эле, убактылуу (10 жылга чейинкилерди камтый) сакталуучу көктөмөлөрдү эсепке алуу үчүн негиз болуп саналат.

56. Көктөмө номенклатураларынын үч түрү бар: типтүү, болжолдуу жана жекече.

Көктөмөлөрдүн типтүү номенклатурасы ишинин мүнөзү жана түзүмү бир түрдөгү мекемелер үчүн түзүлөт. Ал тармактык көктөмөлөрдүн типтүү курамын, бирдиктүү индексациясын белгилейт жана милдеттик документ болуп эсептелет.

Көктөмөлөрдүн болжолдуу номенклатурасы - ишинин мүнөзү боюнча бир түрдүү, бирок түзүмү боюнча айырмаланган мекемелер үчүн көктөмөлөрдүн болжолдуу курамын белгилейт жана сунуштама мүнөзүнө ээ.

Көктөмөлөрдүн жекече номенклатурасы конкреттүү мекеменин иш кагаздарын жүргүзүүдө сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен түзүлүүчү бардык Көктөмөлөрдүн тизмесинен турат.

57. Көктөмөлөрдүн номенклатурасын түзүүдө алгач мекеменин ишинде жаралган документтердин курамы, мазмуну жана саны аныкталат. Бул учурда: мекеменин, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жоболору (уставдары), штаттык ырааттама, типтүү же ведомстволук тизмектер, номенклатуралары жана өткөн жылдардын көктөмөлөр тизимдери пайдаланылат.

Типтүү жана болжолдуу номенклатуралар башкы мекемелердин иш кагаздарын жүргүзүү кызматтары тарабынан иштелип чыгат, андан кийин алар министрликтердин, комитеттердин, административдик ведомстволордун борбордук эксперттик комиссиясы (мындан ары - БЭК) тарабынан каралат. Андан соң, алар мамлекеттик архив кызматынын мекемелери менен макулдашууга жана мекеменин башчысынын бекитүүсүнө жиберилет. Документтерин мамлекеттик архивге өткөзбөөчү мамлекеттик органдар буга кирбейт.

1) Мекеме жетекчиси тарабынан бекитилген көктөмөлөрдүн номенклатурасы башка бир уюштуруу-тескөө документи (мисалы, мекеменин буйругу) менен кошумча бекитүүнү талап кылбайт.

2) Мекеме жетекчиси тарабынан бекитилген жана мамлекеттик архив менен макулдашылган Көктөмөлөрдүн номенклатурасы гана юридикалык күчкө ээ.

Документтерин мамлекеттик архивге сактоого өткөзбөөчү мамлекеттик органдарды кошпогондо, мамлекеттик архив менен макулдашылбаган Көктөмөлөрдүн номенклатурасы жараксыз деп эсептелет.

Көктөмөлөрдүн типтүү жана болжолдуу номенклатуралары мекеменин көктөмөлөрүнүн жекече номенклатураларын түзүү үчүн негиз болот.

Мекеменин көктөмөлөрүнүн жекече номенклатурасынын бөлүктөрү мекемемин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан түзүлөт. Көктөмөлөрдүн жалпылаштырылган номенклатурасын иш кагаздарын жүргүзүү кызматы түзөт. Номенклатура көктөмөлөрү мамлекеттик сактоого кабыл алына турган мамлекеттик архивдин эксперттик-текшерүү усулдук комиссиясы (мындан ары - ЭТУК) менен макулдашылат жана мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилет. Документтерди мамлекеттик сактоого тапшырбаган мекеме көктөмөлөрдүн номенклатурасын жогору турган мекемедеги БЭК менен макулдашат.

58. Көктөмөлөрдүн жалпылаштырылган номенклатурасы бекитилгенден кийин бөлүмдөр ишке пайдалануу үчүн анын тийиштүү бөлүктөрүнүн көчүрмөлөрүн алышат.

Документтерин мамлекеттик архивге сактоого өткөзбөөчү мамлекеттик органдарды кошпогондо, көктөмөлөрдүн жалпылаштырылган номенклатурасы эки нускада бекитилет. Бекитилген номенклатуранын биринчи нускасы туруктуу сактоо мөөнөтүндөгү документ болуп саналат жана иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын номенклатурадагы бөлүмүнө киргизилет; экинчи нускасы макулдашылган мамлекеттик архивде болууга тийиш.

Көктөмөлөрдүн жалпылаштырылган номенклатурасы ар бир жылдын аягында такталат, бекитилет жана кийинки календардлык жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилет.

Мекеменин функциялары жана түзүмү кескин өзгөргөн учурда көктөмөлөрдүн жалпылаштырылган номенклатурасы жаңыдан түзүлүп, макулдашылат. Эгерде мекеменин функциялары жана түзүмдөрү кескин өзгөртүлбөсө, көктөмөлөрдүн номенклатурасы кеминде 5 жылда бир жолу мамлекеттик архив менен макулдашылат.

59. Көктөмөлөрдүн номенклатурасынын классификациялык бөлүнүштөрү (бөлүк жана бөлүкчөлөрү) мекеменин уюмдук түзүмүндөгү ички бөлүмчөлөрү дагы, мекеменин башкаруу функциялары же мекеменин ишинин багыттары дагы болушу мүмкүн. Түзүмдөрү жок мекемелерде көктөмөлөр жалпы номерленет.

Көктөмөлөрдүн номенклатурасында түзүмдүк бөлүмдөрдүн аталыштары штаттык ырааттамага ылайык жайгаштырылат жана алардын ар бирине шарттуу цифралык белги (индекс) ыйгарылат. Ар бир бөлүктүн аягында резервдик номерлер калтырылат.

60. Мекеменин ишин документтештирүүнү чагылдырган бардык көктөмөлөрдүн аталыштары толугу менен номенклатурага киргизилүүгө тийиш. Басылмалар, токтомдордун жыйнактары, китепчелер, маалымдагычтар, маалымат баракчалары, бюллетендер, рефеaративдик журналдар номенклатурага киргизилбейт.

61. Көктөмөлөрдүн номенклатурасы 23-тиркемедеги форма боюнча түзүлөт. Көктөмөлөрдүн номенклатурасынын 1-графасына номенклатурага киргизилген ар бир көктөмөнүн индекси коюлат. Көктөмөнүн индекси түзүмдүк бөлүмдүн сандык белгисинен жана түзүмдүк бөлүмдүн чегиндеги номенклатура боюнча көктөмөнүн аталышынын катар номеринен турат. Көктөмөлөрдүн индекси араб цифралары менен белгиленет. Мисалы: 05-12, мында 05 - түзүмдүк бөлүмдүн белгиси, 12 - номенклатура боюнча көктөмөнүн аталышынын катар номери.

Көктөмөлөрдүн номенклатурасынын 2-графасына көктөмөлөрдүн (томдордун, бөлүктөрдүн) аталыштары жазылат.

Көктөмөнүн аталышы так көрсөтүлүп, анын негизги мазмунун жана документтердин курамынын жалпыланган формасын чагылдырууга тийиш.

Көктөмөлөрдүн аталышында чаржайыт түшүндүрмөлөрдү ("ар кандай материалдар", "жалпы кат алышуу") ошондой эле кыскартылган сөздөрдү жана кыскартылган аталыштарды колдонууга жол берилбейт.

Көктөмөнүн аталышы төмөнкүдөй ырааттуулукта жайгаштырылуучу элементтерден турат: көктөмөнүн түрүнүн аты (кат-кабар, журнал) же документтердин түрү (протоколдор, буйруктар); документтер даректелүүчү же алынуучу (адресат же документтин корреспонденти) мекеменин

аталышы; көктөмөнүн документтеринин кыскача мазмуну; көктөмөнүн документтеринин мазмунуна тиешеси бар жердин (аймактын) аты (зарыл болгон учурда); көктөмөнүн документтерине тийиштүү болгон дата (зарыл болгон учурда).

Бир маселе боюнча, бирок аткаруу ырааттуулугуна байланышпаган документтерди камтыган көктөмөлөрдүн аталыштарында көктөмөнүн түрү катарында "документтер" термини колдонулат, ал эми аталыштын аягында көктөмөдө топтоштурулууга тийиш болгон документтердин негизги түрлөрү көрсөтүлөт (пландар, тизмелер, баяндамалар). Мисалы: "Семинарлардын, конференциялардын өткөрүлүшү жөнүндө документтер (пландар, тизмелер, баяндамалар, маалыматтар)".

Кат-кабарларды камтыган көктөмөлөрдүн аталыштарында ким менен жана кайсы маселе боюнча кат алышуу жүргүзүлгөндүгү көрсөтүлөт.

Бир түрдөгү корреспонденттер менен кат алышууну камтыган көктөмөлөрдүн аталыштарында алардын аталыштары көрсөтүлбөстөн, жалпыланган аталышы көрсөтүлөт. Мисалы: "Архив мекемелери менен ... жөнүндө кат алышуулар".

Ар башка түрдөгү корреспонденттер менен кат алышууну камтыган көктөмөлөрдүн аталыштарында алар тизмектелбейт. Мисалы: Кызматкерлерди сыйлоо, ардак наамдарды ыйгаруу жөнүндө кат алышуулар.

Эгерде кат алышуу конкреттүү корреспондент менен жүргүзүлсө, көктөмөнүн аталышында ал так көрсөтүлөт. Мисалы: "Мамлекеттик салык кызматы менен ... жөнүндө кат алышуу".

Эгерде көктөмөмүн мазмуну бир түрдөгү бир нече администрациялык-аймактык бирдиктерге тиешелүү болсо, алардын конкреттүү аталыштары көрсөтүлбөстөн, жалпыланган аталышы берилет. Мисалы: "Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчылары менен ... жөнүндө кат алышуу".

Эгерде көктөмөнүн мазмуну бир администрациялык-аймактык бирдикке тиешелүү болсо, анын аталышы көктөмөнүн аталышында көрсөтүлөт. Мисалы: "Бишкек шаарынын мэриясы менен ... жөнүндө кат алышуу".

Пландык же отчеттук документтерди камтыган көктөмөлөрдүн аталыштарында бир убакытка (убакыт үчүн) түзүлгөн пландардын (отчёттордун) мезгили (кварталы, жылы) көрсөтүлөт. Мисалы: "Финансылык иш-чаралардын жылдык пландары".

Эгерде көктөмө бир нече томдордон же бөлүктөрдөн турса, анда көктөмөнүн жалпы аталышы белгиленет, андан соң зарылдыгына жараша көктөмөнүн аталышынын мазмунун тактаган ар бир томдун (бөлүктүн) аталыштары белгиленет.

Өзүнчө томго жайгаштырылган көктөмөнүн тиркемесинин аталышы ушул томго жайгаштырылган документтин аталышына шайкеш келүүгө тийиш.

Көктөмөлөрдүн номенклатурасынын бөлүмдөрүнүн жана бөлүмчөлөрүнүн ичинде көктөмөлөрдүн аталыштарынын жайгашуу тартиби көктөмөнү түзгөн документтердин маанилүүлүгүнүн деңгээли жана алардын өз ара байланышы аркылуу аныкталат. Адегенде УТД камтыган көктөмөлөрдүн аталыштары жайгаштырылат.

Көктөмөлөрдүн аталыштары көктөмөлөрдү түзүү жана тариздөө процессинде такталышы мүмкүн.

Көктөмөлөрдүн номенклатурасынын 3-графасы календардык жыл аяктагандан кийин толтурулат.

4-графада көктөмөнү сактоо мөөнөтү тизмек боюнча, ал жок болгон учурда типтүү же болжолдуу номенклатура боюнча номерлери же архив ишин башкаруунун республикалык органынын Борбордук эксперттик-текшерүү комиссиясы менен макулдашылган сактоо мөөнөтү көрсөтүлөт.

"Эскертүү" аталышындагы 5-графада көктөмөлөрдү сактоо мөөнөттөрүн аныктоодо пайдаланылган документтердин тизмектеринин аталышы көрсөтүлүп, төмөнкүлөр жөнүндөгү белгилер коюлат: көктөмөлөрдүн ачылгандыгы, жылдан-жылга өтүүчү иштер, көктөмөлөрдү жок кылууга чыгаруу, көктөмөлөрдү түзүүгө жооптуу адамдар тууралуу, көктөмөлөрдү башка түзүмдүк бөлүмгө берүү жөнүндө.

62. Жыл ичинде көктөмөлөрдүн бекитилген номенклатурасына көктөмөлөрдү ачуу жана жаңы көктөмөлөрдү кошуу тууралуу маалыматтар киргизилет. Бекитилген көктөмө номенклатурасына жаңы көктөмө кошуу тууралуу маалыматтарды киргизүү зарылдыгы болгон учурда мындай маалыматтар көктөмөнүн резервдик номерине киргизилет. Бекитилген көктөмө номенклатурасына жаңы көктөмөлөрдү кошуу тууралуу чечим мекеменин жетекчиси түзгөн эксперттик комиссиясы тарабынан кабыл алынат. Жыл акырында көктөмөлөрдүн номенклатурасынын соңуна ачылган көктөмөлөрдүн (томдордун) саны тууралуу жыйынтыктоочу жазуу киргизилет.

## § 7. Көктөмөлөрдү түзүү

63. Көктөмөлөрдү түзүү - бул аткарылган документтерди көктөмөлөр номенклатурасына ылайык көктөмөлөргө тиркөө жана көктөмөлөр ичиндеги документтерди системалаштыруу.

Аткарылган жана бүткөрүлгөн документтер көктөмөлөргө тиркелиши үчүн иш кагаздарын жүргүзүүнүн кабыл алынган системасына жараша аткаруучу тарабынан иш кагаздарын жүргүзүү кызматына же түзүмдүк бөлүмдөрдөгү иш кагаздарын жүргүзүүгө жооптуу адамдарга 10 күндүк мөөнөттө тапшырылууга тийиш. Документ жайгаштырылууга тийиш болгон көктөмөнүн номерин көктөмөлөрдүн номенклатурасына ылайык түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси же аткаруучу аныктайт.

Көктөмөлөрдүн туура түзүлүшүнө контролду иш кагаздарын жүргүзүү кызматы ишке ашырат.

64. Аткарылгандыгы жана көктөмөгө берилгендиги жөнүндө реквизиттери толтурулган документтер гана көктөмөлөргө тиркелет. Көктөмөлөргө жооптуу адам документтерди тиркөөдө документтердин туура таризделгендигин текшерүүгө милдеттүү. Эгерде документ туура эмес же чала таризделсе, ал аткаруучуга толуктап иштеп чыгууга кайтарылат. Көктөмөгө ага тиешеси жок документтерди тиркөөгө жол берилбейт.

Көктөмөгө жылдан-жылга өтүүчү Көктөмөлөрдөн сырткары (өздүк көктөмө. шайлоо органдарынын документтери, депутаттык топтордун, окуу жайлардын документтери) бир календарлык жылдагы документтер топтоштурулууга тийиш. Туруктуу жана убактылуу мөөнөткө сакталуучу документтер өз-өзүнчө топтоштурулууга тийиш. Ар бир көктөмө 200 барактан ашпоого тийиш. Эгер документтер бул өлчөмдөн ашык болсо, алар томдорго бөлүнөт.

Жылдым ичинде барактары аз сандуу (3төн 50 баракка чейин) Көктөмөлөрдү бир нече жыл үчүн бир көктөмөгө топтоого уруксат берилет, бирок көктөмө 200 барактан ашпоого тийиш.

65. Көктөмөнүн ичиндеги документтер жогортон төмөн карай маселенин хронологиялык, маселенин логикалык ырааттуулугуна же алардын айкалышына карата жайгаштырылат.

Тескөөчү документтер түрү жана хронологиясы боюнча тийиштүү тиркемелери менен Көктөмөлөргө топтоштурулат. Негизги ишмердүүлүк (өндүрүштүк) боюнча буйруктар жана өздүк курам боюнча буйруктар өз-өзүнчө көктөлөт.

Мамлекеттик бийлик органынын актысын аткаруу боюнча отчёттук жана маалыматтык мүнөздөгү контролго коюлган бардык документтер бул актыга карата ачылган көктөмөгө тиркелет. Эгерде актыга карата көктөмө ачылбаса, анда отчёттук документтер учурдагы жыл үчүн түзүлгөн туруктуу сактоо мөөнөттөгү кат алышуу көктөмөсүнө тиркелет.

Тескөөчү документтер менен бекитилген жоболор, нускамалар алардын тиркемелери болуп саналат жана аталган документтер менен бирге топтоштурулат.

Коллегиялык органдардын документтери бир көктөмөгө топтоштурулат (протоколдор жана чечимдер, жыйындарга даярдалган документтер, күн тартиби, маалым каттар, корутундулар, чечимдердин долбоорлору).

Протоколдор көктөмөгө так хронологиялык тартипте, номерлери боюнча жайгаштырылат. Календардык жыл чегинде номерленет. Жыйындарга даярдалган документтер алардын протоколдорунун номерлери боюнча томтоштурулат жана протоколго ылайык кийим түзүлөт.

Шайлоо органдарынын жана коомдук мекемелердин протоколдору бул коомдук орган шайланган мөөнөттүн чегинде номерленет.

Өздүк көктөмөлөрдөгү документтер ирети боюнча жайгаштырылат: ишке алуу жөнүндө арыз, кадрларды эсепке алуу баракчасы, өмүр баян, билими жөнүндө документтер, мүнөздөмө, таржымал, маалым каттардын бардык түрлөрү, паспорттун, аскер билетинин, эмгек китепчесинин

көчүрмөлөрү ж.б., дайындоо, которуу, бошотуу жөнүндө буйруктардын көчүрмөлөрү, өздүк баракчага тиркеме, сыйлоолорду эсепке алуу боюнча өздүк баракчага тиркеме.

Мекемелердин ишине карата түшкөн жарандардын сунуштары, арыздары, даттануулары жана алардын каралышы, аткарылышы боюнча түзүлгөн бардык документтер жеке маселелери боюнча жарандардын арыздарынан тышкары көктөлөт.

Кат алышуу календардлык жыл аралыгы боюнча топтоштурулат жана хронологиялык ырааттуулукта системалаштырылат; жооп документ суроо-талап документинен кийин жайгаштырылат. Мекеменин ишинин өңүтүнө жараша кат алышуулар окуу жылынын аралыгында, шайланган органдардын чакырылыш мөөнөтүнүн ичинде топтоштурулат.

Өкмөттүк жана жогору турган мекемелер менен кат алышуу өзүнчө жүргүзүлөт жана зарылдыгына жараша конкреттүү маселелер боюнча топтоштурулат.

Пландар, отчеттор, сметалар, штаттык ырааттамалар түзүлгөн, бекитилген датасына карабастан, бул документтердин долбоорлорунан өзүнчө бөлүнүп топтоштурулат жана алар кайсы жылы же жылга түзүлсө, ошол жылдын көктөмөсүнө тиркелет.

## § 8. Көктөмөлөрдү тариздөө

66. Көктөмөлөр мекемеде ачылган кезде жана жылдын аягында тариздeлет. Көктөмөнү тариздөө - бул көктөмөнү сактоого даярдоо. Көктөмөлөрдүн тариздeлиши көктөмөлөрдү ачуу жана түзүү милдеттери жүктөлгөн иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкерлери жана тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан мекеменин архивинин, ал эми зарыл учурда тийиштүү мамлекеттик архивдин усулдук жардамы жана контролдугунда жүргүзүлөт.

Сактоо мөөнөтүнө жараша көктөмөлөрдүн толук же айрым бөлүгүн тариздөө жүргүзүлөт. Туруктуу, убактылуу (10 жылдан ашуун) сакталуучу жана өздүк курам боюнча көктөмөлөр толук тариздeлүүгө тийиш. Көктөмөлөрдү толук тариздөө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- көктөмөдөгү барактарды номерлөө;
- ички тизимди түзүү;
- көктөмөнүн күбөлөндүрмө жазуусун даярдоо;
- көктөп тигүү жана мукабалоо;
- көктөмөнүн мукабасынын реквизиттерине өзгөртүүлөрдү киргизүү.

Айрым бөлүктөрүн тариздөөгө убактылуу мөөнөткө (10 жылга чейинки) сакталуучу Көктөмөлөр кирет:

- көктөмөлөрдү каттоо папкаларында (бокс-файлдарда) сактоого жол берилет;
- көктөмөдөгү документтерди кайра системалаштыруу жүргүзүлбөйт;
- көктөмөнүн барактары номерленбейт;
- күбөлөндүрүү жазуулары жүргүзүлбөйт.

67. Барактарды номерлөө көктөмөгө киргизилген документтердин жайгашуу тартибинин бекемделишин жана сакталышын камсыздоо максатында жүргүзүлөт. Күбөлөндүрмө жазуу, ички тизим жана маалымат камтылбаган барактарынан башка көктөмөнүн бардык барактары документтердин текстин баспагандай болуп, жөнөкөй карандаш же нумератор менен жогорку оң бурчта араб цифралары менен баштан аяк номерленет. Мекеменин архиви тарабынан мамлекеттик сактоого өткөрүүгө даярдоодо көктөмөдөгү барактардын номерленишинде айрым каталар кездешсе, барактардын литердик номерин колдонууга жол берилет, номерленбеген барактарга алфавиттик тартиптеги тамгаларды кошуу менен мурдагы бaрактын номери коюлат.

Бир нече томдон же бөлүктөн турган көктөмөлөрдүн барактары ар бир том же бөлүк боюнча өзүнчө номерленет. Форматы чоң барактын бир чети көктөлүп, жогорку оң бурчунан бир барак катары номерленет.

Көктөмөгө өзүнчө барак болуп кирген фотосүрөттөр, чиймелер, диаграммалар жана башка иллюстрациялык, өзгөчө документтер арткы бетинин жогорку сол бурчунан номерленет.

Көктөмөгө тиркелген конверттер ичиндегилери менен бирге төмөнкүчө номерленет: адегенде конверт, андан кийин ичиндегилеринин ар бири кезектеги номер менен белгиленет.

Көктөмөнүн мукабалуу тиркемелери өзүнчө том катары таризделет жана өзүнчө номерленет.

Зарыл болгон учурда көктөмөнүн ички тизими өзүнчө баракта түзүлөт. Ички тизимдин барактары өзүнчө номерленет.

68. Барактарды номерлөө аяктагандан кийин күбөлөндүрмө жазуу түзүлүп, көктөмөнүн аягына жайгаштырылат (24-тиркеме).

Күбөлөндүрмө жазуу көктөмөмү күбөлөндүрмө-баракка өзүнчө жазылат. Күбөлөндүрмө жазууда көктөмөдөгү барактардын саны, ички тизимдин барактарынын саны, айрым документтердин (чиймелердин, фотосүрөттөрдүн, сүрөттөрдүн) өзгөчөлүктөрү сандык жама жазуу түрүндө көрсөтүлөт.

Күбөлөндүрмө жазууга колунун (кол тамгасынын) чечмелениши, кызматы жана түзүлгөн күнү көрсөтүлүү менен түзүүчүсүнүн колу (кол тамгасы) коюлат.

69. Топтолгон документтер көктөмөгө 3-4 жеринен тешилип, катуу мукабага көктөлөт же бардык документтердин текстин эркин окуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен мукабаланат. Көктөмөлөрдү көктөөгө (мукабалоого) даярдоодо документтерден металл бекиткичтер (төөнөгүчтөр, кыпчыткычтар) алып салынат.

70. Көктөмөнүн мукабасында төмөнкүлөр көрсөтүлөт (25-тиркеме):

- мамлекеттик архивдин аталышы;
- мекеменин жана түзүмдүк бөлүмдүн аталышы;
- көктөмөнүн №;
- томдун № ;
- көктөмөнүн аталышы;
- датасы;
- барактарынын саны;
- сактоо мөөнөтү;
- архивдик шифр.

Көктөмө сактоого өткөрүлө турган мамлекеттик архивдин аталышы көрсөтүлөт.

Мекеменин аталышы атооч жөндөмөдө толук көрсөтүлөт. Эгерде мекеменин расмий кабыл алынган кыскартылган аталышы болсо, ал толук аталышынан кийин кашаада көрсөтүлөт.

Мукабадагы көктөмөнүн аталышы мекеменин көктөмө номенклатурасынан алынып жазылат.

Мукабадагы көрсөтүлгөн дата көктөмө ачылган жана аяктаган жылга дал келүүгө тийиш. Дата сөздүк-сандык ыкмада таризделет. Тескөө документтерин камтыган көктөмөлөрдүн датасы болуп көктөмөгө киргизилген документтердин эң алгачкы жана эң кийинки катталган (түзүлгөн) датасы (күн, ай, жыл) саналат. Жыйындардын протоколдорун камтыган Көктөмөнүн датасы болуп биринчи жана акыркы протокол түзүлгөн даталар саналат. Өздүк көктөмөнүн датасы болуп кызматка кирип жаткан адамды ишке алуу жана бошотуу жөнүндө буйруктарга кол (кол тамга) коюлган даталар саналат.

Көктөмөдөгү барактардын саны күбөлөндүрмө жазууга ылайык көктөмөнүн мукабасына жазылат.

"Көктөмөнү сактоо мөөнөтү" реквизити көктөмөлөрдүн тийиштүү номенклатурасынан көктөмөнүн мукабасына көчүрүлүп жазылат. Туруктуу сакталган иштерге: "Туруктуу сакталат" деп жазылат.

Көктөмөнүн архивдик шифри (фонддун номеринен, тизимдин номеринен жана тизим боюнча көктөмөнүн номеринен турат) көктөмөлөрдүн мукабаларына адегенде карандаш менен коюлат, андан кийин тийиштүү мамлекеттик архивдеги ЭТУК тарабынан тизим бекитилгенден кийин сыя менен жазылат.

71. Жыл аяктагандан кийин туруктуу жана узак убакыт сакталуучу көктөмөлөрдүн мукабаларындагы жазууга тактоолор киргизилет: мукабадагы көктөмөлөрдүн аталыштарына көктөлгөн документтердин шайкештиги текшерилет. Зарыл учурда көктөмөнүн аталыштарына кошумча маалыматтар киргизилет (буйруктардын, протоколдордун номерлери коюлат).

Көктөмөнүн документтери тиркелген мезгилдин аралыгында мекеменин аталышы өзгөрсө, мукабага мекеменин же мураскер мекеменин жаңы аталышы кошумча жазылат, ал эми мурдагысы кашаага алынат.

## § 9. Документтерди оперативдүү сактоону уюштуруу

72. Ачылгандан баштан мекеменин архивине берилгенге чейин көктөмөлөр түзүлгөн жеринде сакталат. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери жана иш кагаздарын жүргүзүүгө жооптуу кызматкерлер документтердин жана көктөмөлөрдүн сакталышын камсыз кылууга милдеттүү.

Документтерди ыкчам табууну жеңилдетүү максатында документтер шкафтарда көктөмөлөрдүн номенклатураларына ылайык жайгаштырылат. Көктөмөлөрдүн номенклатурасы же анын көчүрмөлөрү шкафтын ички тарабына жайгаштырылат. Көктөмөлөрдүн мукабаларынын дүмүрчөгүндө көктөмөлөрдүн номенклатураларынын индекстери көрсөтүлөт.

Туруктуу жана узак мөөнөткө (10 жылдан ашуун) сакталуучу жыйынтыкталган көктөмөлөр түзүлгөн жери боюнча үч жылдан ашпаган мөөнөткө сакталат, андан кийин мекеменин архивине тапшырылат.

73. Көктөмөлөрдү башка бөлүмдөргө берүү иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын жетекчисинин уруксаты менен жүргүзүлөт. Көктөмөлөрдү бөлүм кызматкерлерине иштөө үчүн берүү атайын журналга күбөлөндүрүү аркылуу жүргүзүлөт. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлерине көктөмөлөрдү убактылуу пайдаланууга берүү мөөнөтү бир айдан ашпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин көктөмө сакталган жерине кайтарылууга тийиш.

Башка мекемелерге көктөмөлөр алардын кат жүзүндөгү суроо-талаптарынын негизинде мекеменин жетекчисинин же милдети боюнча иш кагаздарын жүргүзүү кызматын тескеген орун басардын уруксаты менен актыга ылайык берилет. Туруктуу сакталган көктөмөлөрдөн документтерди чыгарып алууга жол берилбейт.

## § 10. Документтерди мекеменин архивине өткөрүүгө даярдоо

74. Документтерди мекеменин архивине даярдоо - документтердин баалуулугун экспертизалоону, көктөмөлөрдүн тизимдерин түзүүнү жана тариздөөнү, документтерди жана көктөмөлөрдү жок кылуу тууралуу актыны түзүүнү камтыйт.

75. Документтердин баалуулугун экспертизалоо - алардын сактоо мөөнөттөрүн аныктоо жана андан ары сактоо үчүн иргөө максатындагы документтердин баалуулугун аныктоо. Экспертизалоо документтердин сакталуу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн типтүү жана ведомстволук тизмектердин жана көктөмөлөрдүн номенклатураларынын негизинде жүргүзүлөт.

Документтердин баалуулугунун экспертизасын уюштуруу, өткөрүү жана аларды мамлекеттик сактоого тапшырууга тандап алуу үчүн, ошондой эле документтердин баалуулугунун экспертизасын жүргүзүүгө көзөмөл кылуу жана усулдук жардам көрсөтүү үчүн тармактын (системанын) мекемелеринде туруктуу иштей турган борбордук эксперттик комиссиялар (БЭК) түзүлөт.

Башка мекемелерде документтердин баалуулугун экспертизалоо, аларды сактоо үчүн иргөө туруктуу иштей турган эксперттик комиссиялар (ЭК) тарабынан жүргүзүлөт.

Мекемеде БЭК (ЭК) кеңешме орган болуп саналат, тийиштүү мамлекеттик архивдеги ЭТУК менен туруктуу байланышта иштейт жана зарыл болгон уюштуруучулук-усулдук көрсөтмөлөрдү алат.

Мекемедеги БЭК (ЭК) функциялары жана укуктары, ошондой эле анын ишинин уюштурулушу тийиштүү мамлекеттик архив менен макулдашуу боюнча мекеменин жетекчиси тарабынан аныкталат.

БЭКтин (ЭКтин) негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- документтерди сактоо үчүн жыл сайын иргөө уюштуруу;

- туруктуу сакталуучу, убактылуу сакталуучу (10 жылдан ашуун) көктөмөлөрдүн тизимдеринин жылдык бөлүнүштөрүн карoo, анын ичинде, өздүк курам боюнча көктөмөлөрдүн тизимдерин, андан ары сактоого жатпаган документтерди, көктөмөлөрдү жок кылууга чыгарылган актыларды карoo;

- иш кагаздарын жүргүзүүдө документтерди уюштуруу жана мекемелердин архивдеринин иши боюнча (көктөмөлөрдүн номенклатуралары, ЭК жана мекеме архивдери жөнүндө жоболор) ченемдик документтердин жана усулдук иштелмелердин долбоорлорун даярдоого жана кароого катышуу;

- түзүмдүк мекемелердин ЭКтеринин ишине усулдук жетекчилик жана контроль жүргүзүү.

Мекемедеги БЭК (ЭК) өз ишинде "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, архив ишин башкаруучу республикалык органдын жана анын карамагындагы мамлекеттик архивдердин көрсөтмөлөрүн жана сунуштамаларын жетекчиликке алат.

ЭК мекеменин жетекчисинин буйругу менен квалификациялуу кызматкерлердин ичинен үч адамдан кем эмес санда түзүлөт. ЭКтин курамына мекеменин архив башчысы же архив үчүн жооптуу адам, ал эми БЭКтин курамына тийиштүү мамлекеттик архивдин өкүлү милдеттүү түрдө кошулат.

Мекемедеги БЭКтин (ЭКтин) төрагасы болуп жетекчи кызматкерлердин бири дайындалат.

Мекемедеги БЭК (ЭК) мекеменин жетекчиси бекиткен иш планга ылайык иштейт. Комиссиянын жыйыны протоколдоштурулат.

Документтердин баалуулугуна карата экспертиза мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү кызматында жана мекеменин архивинде жүргүзүлөт.

Документтердин баалуулугунун экспертизасы жыл сайын иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкерлери тарабынан мекемедеги БЭК (ЭК) менен бирдикте ведомстволук архивдин түздөн-түз жетекчилиги алдында жүргүзүлөт. Ошол эле учурда түзүмдүк бөлүмдөрдө төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- мекеменин архивине өткөрүлүүчү туруктуу жана убактылуу (10 жылдан ашуун) сакталуучу документтерди иргөө;

- түзүмдүк бөлүмдөрдө сактоого калтырылуучу убактылуу мөөнөткө сакталуучу документтерди иргөө;

- сактоо мөөнөттөрү өтүп кеткен көктөмөлөрдү иргөө жана жок кылууга бөлүп чыгаруу.

Мекеменин архиви (ведомстволук архив) документтерди мамлекеттик сактоо үчүн иргөөдө алардын баалуулугуна экспертиза жүргүзөт.

Документтердин жетишсиздиги аныкталган учурда аларды издеп табууга чаралар көрүлүүгө тийиш.

Документтердин баалуулугуна экспертиза жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөр түзүлөт:

- туруктуу мөөнөткө сакталуучу көктөмөлөрдүн тизими;

- убактылуу (10 жылдан ашуун) мөөнөткө сакталуучу көктөмөлөрдүн тизими;

- өздүк курам боюнча көктөмөлөрдүн тизими;

- документтерди жок кылуу жөнүндө актылар.

76. Баалуулугу боюнча экспертизадан өткөн туруктуу, убактылуу (10 жылдан ашуун) сакталуучу жана өздүк курам боюнча аякталып жабылган көктөмөлөргө тизимдин жылдык бөлүмдөрү түзүлөт.

Төмөнкүлөр тизимдин милдеттүү элементтери болуп саналат: титулдуу барак (26-тиркеме), кириш сөз, кыскартылган сөздөрдүн тизмеси (зарыл болгон учурда).

Тизимдин титулдуу барагы көктөмөлөрдү мамлекеттик архивге биринчи жолу өткөрүлгөндө түзүлөт. Андан кийинки өткөрүп берүүлөрдө ал баракча толукталат.

Тизимдин кириш сөзүндө төмөнкүлөр баяндалат:

- мекеменин тарыхы, фонддун тарыхы;

- тизимдин (фонддун) документтеринин курамы жана мазмуну;
- көктөмөлөрдү түзүүнүн, сыпаттамасынын жана системалаштыруунун өзгөчөлүктөрү;
- тизимге карата маалымдама аппаратынын курамы.

Көктөмөлөрдүн тизимин түзүүдө төмөнкүдөй талаптар сакталат: ар бир көктөмө тизимге өзүнчө катар номер менен киргизилет (эгерде көктөмө бир нече томдон (бөлүктөн) турса, ар бир том (бөлүк) тизимге өзүнчө номер менен киргизилет); тизимдеги көктөмөлөрдү номерлөө тартиби баштан-аяк жүргүзүлөт; тизимдин графалары көктөмөнүн мукабасына жазылган маалыматтарга шайкеш, так толтурулат; тизимге аталыштары бирдей бир нече көктөмө удаа киргизилгенде биринчи көктөмөнүн аталышы толук жазылат, ал эми калган бардык бир түрдүү көктөмөлөр "Ошол эле" сөздөрү менен белгиленет, ошол эле учурда көктөмөлөр жөнүндө башка маалыматтар тизимге толук киргизилет жана тизимдин ар бир жаңы барагында аталыштар толук кайталанып берилет; тизимдин "эскертүү" графасы көктөмөлөрдү кабыл алуу, алардын физикалык абалынын өзгөчөлүктөрү, тийиштүү актыга шилтеме жасоо менен көктөмөлөрдүн башка түзүмдүк бөлүмдөргө өткөрүп берүү жөнүндө жана көчүрмөлөрдүн тиркелгендигин белгилөө үчүн пайдаланылат.

Тизимдин аягында соңку сыпаттык статьядан кийин жыйынтыктоочу жазуу берилет, анда тизим боюнча эсептеги көктөмөлөрдүн саны, (цифра жана жазуу түрүндө), тизим боюнча биринчи жана акыркы көктөмөлөрдүн номерлери көрсөтүлөт, ошондой эле тизимдеги көктөмөлөрдү номерлөөнүн өзгөчөлүктөрү (литердик номерлер жана санакка кирбей калган номерлер) эскертилет.

Туруктуу мөөнөттө сакталуучу тизимдер 4 нускада түзүлөт, аларга түзүүчү жана мекеменин архивге жооптуу адамынын кол тамгалары коюлат, мекемедеги БЭК (ЭК) менен макулдашылат. Тизимдин бардык нускалары милдеттүү түрдө тийиштүү мамлекеттик архивдеги ЭТУКка бекитүүгө берилет (27-тиркеме). Өздүк курам боюнча көктөмөлөрдүн тизимдери ушундай эле тартипте түзүлөт, таризделет жана каралат (28-тиркеме).

Убактылуу мөөнөткө сакталуучу (10 жылдан ашуун) көктөмөлөрдүн тизимдери (өздүк курам боюнча көктөмөлөрдүн тизимин кошпогондо) 2 нускада түзүлөт (29-тиркеме). Тизимдер архивдик мекемелердин кароосуна берилбейт.

77. Жок кылуу үчүн документтерди жана көктөмөлөрдү иргөө акты менен таризделет (30-тиркеме). Акты мекемедеги ЭК тарабынан каралат, тийиштүү мамлекеттик архив тарабынан туруктуу сакталуучу көктөмөлөрдүн тизимдери бекитилгенден кийин гана ага ЭКтин төрагасы, мүчөлөрү кол тамгасын коёт жана мекеменин жетекчилиги тарабынан бекитилет. Андан соң, мекеме белгиленген тартипте мындай актыларга киргизилген көктөмөлөрдү жок кылууга укуктуу.

## § 11. Мекеменин архивинин документтерди мамлекеттик сактоого өткөрүп берүүсүнүн тартиби

78. "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген ведомстволук архивдердеги сактоо мөөнөттөрү бүткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фондунун документтери мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилет.

Көрсөтүлгөн мөөнөттөр документтер түзүлгөн убактан тартып эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун документтерин сактоону камсыз кылуу үчүн зарыл шарттар жок болгон учурда, тийиштүү мамлекеттик архив менен макулдашуу боюнча аларды ведомстволук сактоонун мөөнөттөрү аяктаганга чейин мамлекеттик сактоого өткөрүп берүүгө мүмкүн.

79. Мамлекеттик архивдин топтоо булактары болгон мекемелердин документтери мамлекеттик архивдин жана мекемелердин жетекчилери бекиткен графиктерге ылайык белгиленген ведомстволук сактоо мөөнөттөрү аяктагандан кийин мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилет.

Мекемелердин документтери мамлекеттик архивдерге көктөмөлөрдөгү барактардын саны текшерилгенден кийин тизимдер боюнча өткөрүлүп берилет. Мекеменин документтерин мамлекеттик архивге өткөрүп берүүдө тизимдин үч нускасы өткөрүлөт. Тизимдин бардык

нускаларында документтердин мамлекеттик архивге кабыл алынгандыгы жөнүндө белги коюлат. Тизимдин төртүнчү нускасы актынын нускасы менен бирге мекемеде калат.

Документтерди мамлекеттик сактоого кабыл алуу эки нускада түзүлгөн кабыл алуу-өткөрүү актысы менен жол-жоболоштурулат (31-тиркеме).

Эгерде өткөрүп берүүдө көктөмөлөрдө жетишсиздиктер табылса, жоголгон көктөмөлөрдүн номерлери документтерди кабыл алуу-өткөрүү актысында, ал эми алардын жоктугунун себептери - мекеменин актыга тиркеген маалым катында эскертилет.

Мамлекеттик сактоого өткөрүүдө көктөмөлөрдүн барактарынын номерленишинде каталар көп табылган болсо, кайрадан номерлөө жүргүзүлөт. Эски номерлер чийилип, жанына жаңысы коюлат. Көктөмөнүн аягына жаңы күбөлөндүрүүчү жазуу түшүрүлөт, эскиси чийилет, бирок көктөмөдө сакталып калат.

Барактарды номерлөөдө айрым бир каталар табылса, литердик номерлерди колдонууга жол берилет.

## 5-глава. ЭДСте электрондук документтер менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү

*(Глава КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

### 1-§. Кириш электрондук документтерди каттоо тартиби жана алардын аткарылышын уюштуруу

80. Электрондук документтер ЭДСте түзүлөт, иштелип чыгат жапа сакталат. Эсепке алуу бирдиги болуп ЭДСте катталган электрондук документ саналат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

81. Электрондук документтерди кабыл алуу, иштеп чыгуу, алдын ала кароо жана каттоо иш кагаздарын жүргүзүү кызматы тарабынан ушул Типтүү нускамага ылайык жалпы негиздерде ишке ашырылат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

82. ЭДС аркылуу мекемеге түшкөн электрондук документтер автоматташтырылган режимде баштапкы иштеп чыгуудан өтөт жана ал түшкөн электрондук документтин реквизиттерин: каттоо датасын, электрондук документти жиберген мекеменин аталышын, электрондук документтин кыскача мазмунун, электрондук документке кол койгон адамдын фамилиясын, инициалдарын, электрондук документке коюлган электрондук колтамганы текшерүүнү камтыйт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

83. Кагаз түрүндө түшкөн документтер сканерлөөчү түзүлүштү колдонуу менен сканерленүүгө тийиш жана PDF форматындагы кагаз документтин электрондук сүрөтү болуп кайра түзүлөт, андан кийин ЭДСке жүктөлөт.

84. Автоматташтырылган режимде электрондук документтин реквизиттерин жана бүтүндүгүн текшерүү аяктагандан кийин мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкери мекеменин жетекчилиги тарабынан милдеттүү каралышын талап кылуучу жана түзүмдүк бөлүмдөргө жана жооптуу аткаруучуларга түздөп-түз жиберилүүчү документтерге бөлүштүрүү максатында түшкөн электрондук документти алдын ала карайт.

Электрондук документтерди алдын ала кароо алар түшкөн күнү жүргүзүлөт. Электрондук документ иш убактысынан тышкары түшкөн учурда, кийинки иш күнү каралат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

85. Алдын ала кароонун жүрүшүндө мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкери түшкөн электрондук документтерди кароодон төмөнкү учурларда баш тартат:

1) электрондук документ дареги боюнча түшпөгөндө;

2) электрондук документке кол коюуга ыйгарым укуктуу болуп саналбаган адамдын электрондук колтамгасы менен электрондук документке кол коюлганда;

3) документте көрсөтүлгөн тиркемелер жок болгондо;

4) документ туура эмес таризделгенде жана ушул Типтүү нускаманын 16-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарына шайкеш келбегенде.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

86. Алдын ала кароону ийгиликтүү жүргүзгөндөн кийин мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкери түшкөн электрондук документти ЭДСте каттайт, андан кийин электрондук документке ЭДСте автоматташтырылган режимде кириш каттоо номери ыйгарылат.

Электрондук документке кириш каттоо номери ыйгарылгандан кийин ЭДСте электрондук документтин кириш каттоо номерин, каттоо датасын, жөнөтүүчү (аткаруучу/аткаруучулар жана электрондук документке кол койгон адам) жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен автоматташтырылган режимде карточка түзүлөт.

Документтерди эсепке алууну системалаштыруу жана камсыздоо үчүн кириш каттоо номерин ыйгарууда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан бекитилүүчү Башкаруу органдарынын мамлекеттик классификатору колдонулат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

87. Катталган электрондук документтер ЭДС аркылуу төмөнкүлөргө жиберилет:

1) резолюция жазуу зарыл болгон учурда - мекеменин жетекчисине же тейлөөчү орун басарына;

2) жетекчинин резолюциясы жок аткаруу же кароо зарыл болгон учурда - түзүмдүк бөлүмдөргө же жооптуу кызматкерге;

3) резолюциянын долбоорун даярдоо зарыл болгон учурда -түзүмдүк бөлүмдөргө же жооптуу кызматкерге.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

88. Электрондук документти кароонун жыйынтыгы боюнча мекеменин жетекчиси же тейлөөчү орун басары электрондук резолюцияны жазат, анда мекемеде электрондук документтин аткарылышын уюштурууга жооптуу адам аныкталат жана зарыл болгон учурда кош аткаруучулар, ошондой эле электрондук документти аткаруунун мөөнөтү аныкталат.

Электрондук документти аткаруунун мөөнөтү кагаз түрүндөгү документтерди аткаруунун мөөнөтүнө окшош белгиленет.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

89. Аткарууну талап кылбаган маалыматтык-аналитикалык мүнөздөгү электрондук документтер түшкөндө аткаруу мөөнөтү белгиленбеши мүмкүн. Мында кызматкерлер ЭДСте документ менен таанышкандыгы жөнүндө белги коюшат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

90. Электрондук резолюция төмөнкүдөй реквизиттерден турат: электрондук документтин аткарылышын уюштурууга жооптуу адамдын фамилиясы, инициалдары, кош аткаруучулардын фамилиясы, инициалдары, электрондук резолюциянын мазмуну, аткаруу мөөнөтү, резолюциянын авторунун кызмат орду, фамилиясы, инициалдары жана электрондук колтамгасы.

Электрондук резолюциянын үлгүсү 32-тиркемеде берилди.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

91. Электрондук резолюцияга ылайык жыйынтыктоого жооптуу адам жана кош аткаруучулар катарында аныкталган кызматкерлерге электрондук документтер ЭДС аркылуу түшөт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

92. Электрондук документти жыйынтыктоого жооптуу адам же кош аткаруучу болуп мекеменин түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчиси аныкталган учурда, зарылдыгына жараша ал электрондук документти аткарууга өзү жетектеген бөлүмдүн кызматкерлерин кошот. Ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери өздөрү жетектеген бөлүмдүн кызматкеринин бирине жыйынтыктоону тапшыра алышат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

93. Жыйынтыктоого жооптуу адам жана кош аткаруучулар электрондук документтин талаптагыдай аткарылышы үчүн бирге жооп беришет.

Электрондук документти аткаруу жыйынтыктоого жооптуу адамдын жана кош аткаруучулардын зарыл маалыматты топтоосун жана иштеп чыгуусун, жыйынтыктоого жооптуу адамдын келип түшкөн электрондук документке акыркы жоопту даярдоосун, аны тариздөөнү, макулдашууну, ЭДС аркылуу мекеменин жетекчисине же анын орун басарына кол коюу үчүн жиберүүнү карайт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

94. Электрондук документти аткаруунун жүрүшүндө жыйынтыктоого жооптуу адам жана/же кош аткаруучу электрондук документке өздөрүнүн комментарийлерин кошо алышат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

95. Электрондук документтерди аткаруу мөөнөтүн узартуу жетекчинин көрсөтмөсү боюнча же ушул мөөнөттү белгилеген авторлордун - мекемелердин уруксаты менен жүргүзүлөт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

96. ЭДСте электрондук документтердин аткарылышын эсепке алуу жана контролдоо жыйынтыктоо үчүн жооптуу адамга жана кош аткаруучуларга тиешелүү түстүү белги берүү аркылуу автоматташтырылган режимде жүргүзүлөт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

97. Түшкөн электрондук документке жооптун долбоору ЭДС аркылуу мекеменин жетекчисине же анын орун басарына кол коюуга жиберүүнүн алдында жыйынтыктоого жооптуу адам тарабынан анын талаптарга ылайык түзүлгөндүгү жана таризделгендиги, ошондой эле зарыл тиркемелердин болушу текшерилет.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

98. Түшкөн электрондук документке жооп катары даярдалган электрондук документти макулдашуу жана кол коюу үчүн электрондук колтамга колдонулат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

99. ЭДСте издөө системасын түзүүнүн негизи болуп документтерди каттоо саналат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

100. ЭДСте конкреттүү документти издөө же материалдарды чогултуу документтердин түрдүү параметрлери боюнча, анын ичинен документтердин реквизиттери, түрлөрү, маршруту,

мазмуну, маселелердин мүнөзү, жиберүүчүлөр жана даректер, аткаруучулар жана башкалар боюнча жүргүзүлөт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

101. ЭДС ар башка мекемелердин ортосунда электрондук документтер менен алмашуу мүмкүндүгүн берет. Мекемелер ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, каттарды, жарандардын арыздарын/кайрылууларын, аналитикалык мүнөздөгү маалыматтык документтерди бири-бирине жибере алышат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 2-§. Чыгыш электрондук документтерди каттоо жана жиберүү тартиби

102. ЭДСте төмөнкүдөй чыгыш электрондук документтер катталууга тийиш:

1) келип түшкөн электрондук документтерге жооп катары даярдалган документтер;

2) мекеменин түзүмдүк бөлүмүнүн, мекеменин жетекчисинин же анын орун басарынын демилгеси боюнча даярдалган документтер (демилгеленген).

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

103. Мекеменин тууралоосуна жараша кол коюлган электрондук жооп дарек ээсине төмөнкүдөй жиберилиши мүмкүн:

1) мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү кызматы тарабынан жиберүүнү ырастабастан;

2) мекеменин иш кагаздарын жүргүзүү кызматы тарабынан жиберүүнү ырастагандан кийин.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

104. Иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын электрондук документти жиберүүсүн ырастоо зарылдыгы болгондо документтин талаптарга ылайык таризделгени текшерилет: документтин форматы туура экени, электрондук колтамганын шайкештиги, белгиленген тиркемелердин болушу, даректердин туура көрсөтүлгөнү. Дал келбестиктер табылган учурда иш кагаздарын жүргүзүү кызматы документти жеткире иштеп чыгуу үчүн кайтарып берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

105. Автоматташтырылган режимде кол коюлган документке чыгыш каттоо номери ыйгарылат жана кечиктирилбестен дарек ээсине жиберилет.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

106. Электрондук документ дарек ээсине түшкөн учурда жиберүүчү жеткирилгендиги жөнүндө электрондук белгини алат.

Ушул учурдан тартып электрондук документ дарек ээси тарабынан алынды деп эсептелинет.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

107. Аткарылган электрондук документтер көктөмөлөрдүн номенклатурасына ылайык көктөмөлөргө системалаштырылат.

Көктөмөлөрдүн номенклатурасын түзүүдө көктөмө электрондук түрдө жүргүзүлөрү көрсөтүлөт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 3-§. Кызматтык каттарды каттоо тартиби

108. Мекеменин түзүмдүк бөлүмдөрү мекеменин ичинде бири-бири менен маалымат алмашуу максатында, ошондой эле милдеттерди, мекеменин жетекчисинин же анын орун басарынын тапшырмаларын аткаруу боюнча жооп катарында ЭДСте кызматтык каттарды түзөт жана каттайт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

109. Кызматтык каттарды түзүүдө жана каттоодо актылар, баяндамалар, рапорттор, маалыматтык мүнөздөгү таблицалар жана башкалар сыяктуу түрдүү тиркемелер дагы тиркелиши мүмкүн.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

110. Электрондук формадагы кызматтык каттар ЭДСте автоматтык түрдө түзүлгөн бланкта таризделет. Кызматтык каттын үлгүсү 33-тиркемеде берилет.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

111. Кызматтык катка кол коюу үчүн электрондук колтамга колдонулат.

## 4-§. Электрондук документтерди сактоо жана жок кылуу тартиби

112. Электрондук документтер алар аткарылгандан кийин кагаз түрүндөгү ушундай документтер үчүн архив иши чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган ведомстволук сактоо мөөнөтүнүн чегинен ашпаган мезгил аралыгында ЭДСте ведомстволук сакталууга тийиш.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

113. Убактылуу сактоо мөөнөтүндөгү электрондук документтер (10 жылга чейин) тийиштүү электрондук документтерде түзүлгөн электрондук колтамгалардын бир убакта сакталышын камсыздоо менен алар түзүлгөн, жиберилген же алынган форматта сакталат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

114. 10 жылдан ашык сактоо мөөнөтүндөгү, анын ичинде туруктуу сактоо мөөнөтүндөгү бардык электрондук документтер электрондук документтерди архивдик сактоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн Portable Document Format (PDF/A1, PDF/A2, PDF/A3, PDF/A4) форматында түзүлүүгө тийиш.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

*115. (КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-октябрындагы N 614 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

Электрондук документтин жиберүүчүсү электрондук формадагы документтин кагаз түрүндөгү документке шайкештигине жооптуу.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207, 2024-жылдын 11-октябрындагы N 614 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

116. Электрондук документтердин сактоо мөөнөтү аяктагандан кийип аларды жок кылууга бөлүү жөнүндө мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилген актынын негизинде аталган электрондук көктөмөлөр (электрондук документтер) сактоо мөөнөтүн көрсөтүү менен башкаруу документтеринин тизмегине ылайык автоматташтырылган режимде жок кылынууга тийиш.

## 5-§. ЭДСте электрондук документтин сакталышы үчүн жоопкерчилик

117. ЭДСте түзүлгөн электрондук документтердин түп нускасынын ведомстводо сактоо мезгилинде сакталышына жана камсыздалышына жоопкерчиликти электрондук документ жүгүртүү системасынын ээси тартат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 207 токтомунун редакциясына ылайык)*

Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускамага
1-тиркеме

